# Жашыл шаарлар 2–алкагы, 2 –терезе - Ош коомдук электр транспорту

Жайгашкан жери:
Кыргыз Республикасы

Долбоордун номери:
53522

Тармак:
Муниципалдык жана экологиялык инфраструктура

Мамлекеттик/жеке сектор:
Мамлекеттик

Экологиялык категория:
B

Бекитилген күнү:
2023-жылдын 19- сентябры

Абалы:
**Бекитилген**

Долбоордун кыскача мазмуну англис тилинде жарыяланган күнү:
2023-жылдын 20- сентябры

*Маалыматтарга жетүү боюнча Директивасынын 1.4.2 (iii) бөлүмүнө ылайык: “Банктын жетекчилиги тарабынан бекитилген долбоорлор үчүн, Директорлор кеңеши бекитүү ыйгарым укуктарын өткөрүү учурда, долбоордун кыскача мазмуну ЕРӨБдү түзүү жөнүндө Макулдашуунун 13 (iii) беренесине ылайык Банктын мүчө-өлкөсүнө каршылык көрсөтпөө жөнүндө билдирүүнүн тиешелүү мезгилинин башталышында ачыкка чыгарылат.“*

## Долбоордун сүрөттөлүшү

Насыя алуучуга 14,7 миллион еврого чейинки мамлекеттик кепилдик шартында эки транш менен насыя («Насыя») берүү – I транш (милдеттенген) 9,0 миллион еврого чейин жана II транш (милдеттенбеген) 5,7 миллион еврого чейин – андан ары Ош шаарында коомдук электр транспортун модернизациялоону каржылоо үчүн ("Долбоор") Шаардагы троллейбустарды жана автобустарды тейлеген муниципалдык ишкана болгон, Ош шаардык муниципалдык автотранспорт ишканасынын ("Компания") пайдасына берилүүчү насыя («Насыя») чегерүү.

Долбоор эки транш менен 8,3 миллион еврого чейинки инвестициялык грант ("Грант") менен бирге каржыланат - I транш 5,0 миллион еврого чейин ЕРӨБ

Акционерлеринин атайын фондунан ("ААФ") жана II транш 3,3 миллион еврого чейин эл аралык донор же ААФ тарабынан.

## Долбоордун максаттары

Долбоор шаардын жаңы конушун муниципалдык коомдук транспорт тармагына интеграциялап, кызматтын сапатын жана ишенимдүүлүгүн жакшыртууга мүмкүндүк берет. Андан ары жеке унааларды колдонуудан инклюзивдүү коомдук транспортко өтүүгө салым кошот.

Долбоор (i) (BDS20-082/ F) "төмөн көмүртектүү жана туруктуу транспорт системасына " инвестициялоо аркылуу Жашыл Экономикага Өтүүнүн ( "ЖЭӨ"), (ii) (BDS19-069(F)) "азыраак көмүртектүү чечимдерге өтүү аркылуу "МЭИ секторунун стратегиясынын, (iii) (BDS/KY/19-01/F) "муниципалдык инфраструктуранын жакшыртылган натыйжалуулугун, кызмат көрсөтүүсүн жана туруктуулугун" камсыздоо аркылуу, Кыргыз Республикасынын Өлкөлүк Стратегиясынын, (iv) (BDS21-134(F)) ЕРӨБ мүмкүнчүлүктөрдүн тең укуктуулугу стратегиясынын, жана (v) (BDS21-133(F)) Гендердик теңчиликти илгерилетүү боюнча ЕРӨБ Стратегиясынын талаптарына жооп берет.

Долбоор ошондой эле БУУнун Туруктуу Өнүгүү Максаттарына (ТӨМ) салым кошот: ТӨМ 5. Гендердик теңчилик, ТӨМ 9. Өнөр жай, Инновация жана Инфраструктура, ТӨМ 11. Туруктуу Шаарлар жана Жамааттар жана ТӨМ 17. ТӨМ үчүн өнөктөштүк.

## Өткөөл процесске тийгизүүчү таасири

Өткөөл процесске тийгизүүчү күтүлгөн таасиринин упайлык божомолу: 70

**Жашыл (негизги):** Долбоор коомдук электр транспортун колдонуу аркылуу CO2 газдарын иштеп чыгууну төмөндөтүүнүн натыйжасында Жашыл максаттарды алгалатууга көмөк көрсөтөт. Долбоор ошондой эле шаарда Жашыл Шаар иш-аракеттер планын ("ЖШИАП") иштеп чыгууга түрткү берет.

**Инклюзивдик (экинчи даражадагы):** Долбоор шаардын инфраструктурасынын жана коомдук транспорттун мурда аларды пайдалана албаган аярлуу топторго – майыптарга, кам көрүүчүлөргө, картаңдарга - жеткиликтүүлүгүн илгерилетүү аркылуу инклюзивдикти алгалатат.  Долбоор ошондой эле мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигин алгалатууга көмөк көрсөтөт, анткени Компания озунун учурдагы Адам Ресурстары ("АР") жаатындагы өз саясаттарын жана практикаларын кайра карап чыгат.

## Кардар жөнүндө маалымат

- КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

**Карыз алуучу** Финансы министрлиги тарабынан көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасы («КР»). Насыя андан ары Ош шаарындагы троллейбустарды жана автобустарды тейлеген муниципалдык ишкана болгон, Ош шаардык муниципалдык автотранспорт ишканасынын ("Компания") пайдасына берилет. Ош

шаары - коомдук транспорт, суу менен камсыз кылуу жана катуу калдыктарды башкаруу секторлорундагы төрт долбоор боюнча Банктын өнөктөшү.

## ЕРӨБдүн Каржылоосу

14,740,000.00 евро

## Долбоордун жалпы баасы

23,000,000.00 евро

## Кошумча

- Банк учурда жергиликтүү коммерциялык банктарда жок болгон узак убакытка каржылоону камсыз кылат.
- Ош шаары үчүн иштелип чыккан ЖШИАП алкагында жасалуучу гендердик баалоого байланыштуу Кардар жогорураак инклюзивдик стандарттарга умтулат.
- Долбоор ЕРӨБ мамлекеттик кардарлар үчүн Сатып алуу саясаты жана эрежелери (ССжЭ) принциптерин аткарат.
- Долбоордо Компаниянын корпоративдик өнүгүүсүн жана дараметин бекемдөө үчүн ТК катары каржыланган консультация колдоо каралган.

## Экологиялык жана социалдык корутунду

**Категориясы B (2019 жылкы Экологиялык жана социалдык саясат (“ЭСС”) боюнча).** Долбоор экологиялык жана социалдык жактан пайдалуу, ал баардык колдонуучу топтор үчүн жеткиликтүүлүктү жана мобилдүүлүктү күчөтөт, шаарда аба сапатын ошондой эле шаардык транспорттун жалпы сапатын, коопсуздугун жана натыйжалуулугун жакшыртат. Экологиялык жана социалдык комплекстүү изилдөө (ЭСКИ)  тышкы эл аралык консультант тарабынан техникалык экспертиза менен бирге ишке ашырылган. Ал негизги ЭС таасирлерине/тобокелдиктерине, Компаниянын техникалык тейлөө депосуна, көмөкчү объектилер жана устаканаларга, эмгек практикаларына, жүргүнчү жана жол коопсуздуна, айдоочуларды окутууга өзгөчө көңүл буруу менен Долбоорду Банктын Натыйжалуулук Талаптарына ("НТ") ылайык ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө баа берди. Гендер жана инклюзивдүүлүк, аялуу топтордун коопсуздугун жогорулатуу, Гендердик Зомбулук жана Куугунтук (“ГЗжК”) көйгөйлөрүнүн алдын алуу, ошондой эле кызыкдар тараптардын катышуусу жана даттануулларды кароонун учурдагы механизмдери маселелери иликтенди жана тиешелүү сунуштар берилди. Долбоорду ишке ашыруу шаардын учурдагы аймагы менен чектелет жана эч кандай сезимтал экологиялык жана/же корголуучу аймактарга таасирин тийгизбейт. Мындан тышкары, Долбоордун жергиликтүү калкка же башка тиешеси бар тараптарга олуттуу терс социалдык таасир этпеши, ошондой эле жер алууну талап кылбоосу жана мажбурлап көчүрүүгө же экономикалык жер которууга алып келбеши тастыкталды. ЭСКИнин жүрүшүндө аныкталган көйгөйлүү маселелер боюнча иш жүргүзүү үчүн Экологиялык жана социалдык иш-аракеттер планы (ЭСИП) иштелип чыкты жана макулдашылды. Долбоордун алкагындагы экологиялык жана социалдык милдеттенмелердин аткарылышы

жана ЭСИПтин жүзөгө ашырылышы жыл сайын экологиялык жана социалдык отчеттуулук аркылуу, керек болсо, жерине барып текшерүү менен көзөмөлдөнөт.

## Техникалык кызматташтык жана Гранттык Каржылоо

Бул Долбоордун алкагында төмөнкү техникалык кызматташтык ("ТК") тапшырмалары каралат:

Кредиттик келишимге кол коюу алдында:

- **TC1: Техникалык-экономикалык негиздөө ("ТЭН"),** 218 000 Евро, ЕРӨБ Акционерлеринин Атайын Фонду («ААФ») тарабынан каржыланат;
- **TC2: Алдын ала сатып алуулар,** 50 000 Евро, эл аралык донор же Туруктуу инфраструктура фонду ("ТИФ") тарабынан каржылануусу сунушталат;

Кредиттик келишимге кол коюдан кийин:

- **TC3: Долбоорду Ишке ашырууда колдоо,** 500 000 Евро, эл аралык донор же ТИФ тарабынан каржылануусу сунушталат;
- **TC4: Шаардын жана Компаниянын институционалдык өнүгүүсүн жана дараметин бекемдөө,** 200 000 Евро, эл аралык донорлор же ТИФ тарабынан каржылануусу сунушталат;
- **TC5: ЖШИАП,** 350 000 Евро, Кореянын ТК Фонду тарабынан каржылануусу сунушталат.

Гранттык каржылоо: 9 миллион евро өлчөмүндөгү ЕРӨБ насыясынын I траншын (милдеттенген) биргелешип каржылоо үчүн ААФтин 2023-2024-жылдарга Иш планынын алкагында 5 миллион еврого чейинки I транштуу инвестициялык грантты чегерүүгө Башкармалыктын макулдугу суралууда. 5.7 миллион евро өлчөмүндөгү ЕРӨБ насыясынын II Траншын (милдеттенбеген) биргелешип каржылоо үчүн 3.3 миллион еврого чейинки инвестициялык гранты эл аралык донор же ААФ тарабынан каржыланышы күтүлүүдө.

## Компаниянын Байланыш маалыматы

Дилмурад Абдувапов
osh.ogmap@mail.ru
+996 554 404 497
Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Ленин көчөсү, 318

## Ишке ашыруунун корутундусу

## Долбоордун кыскача мазмуну англис тилинде жарыяланган күнү:

2023-жылдын 20- сентябры

## Тиешелүү материалдар

Алкактык долбоор

- Алкак: Жашыл шаарлар 2-алкагы, 2-терезе
  Жарыяланган кун: 07.09.2021

# Өткөөл процесс боюнча  түшүндүрмө

ЕРӨБдүн өткөөл мезгилге таасир этүүгө карата мамилеси жөнүндө толук маалыматты бул жерден таба аласыздар.

# Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү

Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү жана сатып алуулар боюнча кардар компания менен байланышыңыздар.

ЕРӨБ менен ишкердик мүмкүнчүлүктөрү (сатып алууларга байланышпаган) боюнча төмөндөгү жолдор менен байланышыңыздар:

Тел: +44 20 7338 7168

Эл.почта: projectenquiries@ebrd.com

Мамлекеттик сектордогу долбоорлор боюнча ЕРӨБдүн сатып алуулар боюнча сайтына кириңиз:
Тел: +44 20 7338 6794
Email: procurement@ebrd.com

# Жалпы маселелер

Конкреттүү суроо-талаптар ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы аркылуу берилет.

# Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)

ЭССде жана Ишке ашыруу талаптарында (ИАТ) ЕРӨБ «экологиялык жактан негизделген жана туруктуу өнүктүрүүгө» көмөктөшүү боюнча өзүнүн милдеттемелерин кандайча аткаргандыгы тууралуу баяндалган. ЭСС менен ИАТ кардарлардын коомдук маалымат жана консультациялар тууралуу улуттук мыйзамдардын талаптарын сактоосу жөнүндө конкреттүү жоболорду, кызыкдар тараптардын, анын ичинде экологиялык көйгөйлөр, кардарлардын жана долбоордун социалдык натыйжалуулугу боюнча тынчызданууларын менен арыздарын алуу жана аларды чечүүнү жеңилдетүү үчүн даттануулары кароо механизмдерин түзүүнү өзүнүн ичине камтыйт. Экологиялык жана социалдык тобокелчиликтердин мүнөзү жана масштабына жана долбоордун таасир этүүлөрүнө жараша, ЕРӨБ өзүнүн кардарларынан зарыл болгон учурларда долбоорлорду жүзөгө ашыруунун жыйынтыгында келип чыга турган тобокелчиликтер менен таасирлер же кызыкдар тараптар менен маңыздуу консультацияларды жүргүзүү, ошондой эле Кайтарым байланышты кароо жана ага реакция кылуу жөнүндө маалыматтарды ачыктоону кошумча талап кылат.

Бул жагдай тууралуу ЕРӨБдүн тажрыйбасы жөнүндө тагыраак маалыматтар ЭССде баяндалган.

# Бүтүндүк жана шайкештик

ЕРӨБдүн Шайкештик боюнча башкы кызматкеринин кеңсеси (ШБКК) Банктын баардык ишмердүүлүгүнө, мыкты эл аралык тажрыйбаларга ылайык, талаптагыдай башкарууга көмөктөшөт жана акниеттүүлүктүн эң мыкты стандарттарын колдонууну камсыз кылат. Акниеттүүлүк боюнча комплекстүү текшерүү долбоорлордун банк үчүн акниеттүүлүк менен репутациянын кабыл алынгыс тобокелчиликтерин сунуштабашын камсыздоо үчүн жүргүзүлөт. Банк долбоорду баалоону бекитүү баскычында көйгөйлөрдү аныктоону жана чечүүнү банктык операциялардын бүтүндүгүн камсыздоонун натыйжалуу каражаты деп эсептейт. ШБКК мындай коргоочу аракеттерде маанилүү ролду ойнойт, ошондой эле инвестиция кылгандан кийин долбоорлордогу бүтүндүүлүк тобокелчиликтерин көзөмөлдөөдө жардам берет.

ШБКК ошондой эле ЕРӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордогу алдамчылык, коррупция жана мыйзамсыз аракеттер жөнүндө билдирүүлөрдү иликтөөгө жооп берет. Банк ичиндеги, ошондой эле банк сыртындагы алдамчылыкка же коррупцияга шектенген адам compliance@ebrd.com электрондук дареги аркылуу көзөмөлдөө боюнча башкы кызматкерге жазуу жүзүндө кабар бериши керек. Жиберилген баардык материалдар кийинки кадамдарды көрүү үчүн ШБККда каралат. Баардык билдирүүлөр, анын ичинде анонимдүү берилгендери да, каралат. Билдирүүлөр банк колдонгон же анын ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн өлкөлөрдүн каалаган тилдеринде түзүлүшү мүмкүн. Берилген маалыматтар ишенимдүү болушу зарыл.

# Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат (МЖС)

МЖС, 2020-жылдын 1-январынан тарта күчүнө киргенден кийин, ЕРӨБдүн маалыматты кантип ачыктаарын жана өзүнүн стратегияларынан, саясаттарынан жана операцияларынан кабардар болуусу менен аларды түшүнүүсүн жогорулатуу максатында кызыкдар тараптар менен кантип кеңешээрин аныктайт. ЕРӨБдүн веб-сайтында кандай маалымат бар экенин билүү үчүн Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат бетине кириңиз.

Маалымат алууга конкреттүү суроо-талаптарды ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы менен жөнөтүүгө болот.

# Долбоорлор боюнча көзкарандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ)

Эгер Кардар же Банк менен экологиялык, коомдук же социалдык көйгөйлөрдү чечүү боюнча аракеттер ийгиликтүү болбосо (маселен, Кардардын долбоор деңгээлиндеги даттануулорды кароо механизми аркылуу же Банк жетекчилиги

менен түз сүйлөшүү аркылуу), жеке жактар жана уюмдар аларды тынчсыздандыргын маселелерди Долбоорлор боюнча көз карандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ) аркылуу чечүүнү тандашы мүмкүн.

ДКОМ долбоордун зыян келтирген (же зыян келтириши мүмкүн) деп эсептелген маселелерин өз алдынча карайт. Бул Механизмдин максаты - экологиялык, социалдык жана коомго маалыматты ачыктоо көйгөйлөрүн чечүүдө кызыкдар тараптардын ортосундагы диалогду колдоо; банк өзүнүн экологиялык жана социалдык саясаты менен маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясатынын долбоорго тиешелүү болгон жоболорун сактап же сактабай жатканын аныктоо; жана тиешелүү учурларда, бул саясаттардын сакталбаган жагдайларын четтетүү, ошол эле маалда келечекте Банктын бул саясаттардан четтөөсүнүн алдын алуу болуп саналат.

Долбоорлор боюнча Көзкарандысыз Отчеттуулук Механизминин веб-баракчасына кирип, ДКОМ жана анын мандаты жөнүндө; карап чыгуу үчүн Арыз берүү жолдору; же ДКОМ жана арыз берүү жолдору жөнүндө кошумча түшүндүрмө жана маалымат алуу үчүн ДКОМ менен ipam@ebrd.com электрондук дареги аркылуу байланышуу тууралуу көбүрөөк биле аласыз.